**Кырсык болгон учурда 1- жардам көрсөтү**

**ИНСТРУКЦИЯСЫ**

**1.Сөөктөр сынганда 1-жардам:**

Жаракат алган жерин такыр кыймылдатпоо керек. Ал жерге шак-шак коюп, кыймылсыз таңуу керек. Эгер ачык сыныктар болсо, кан тамырларды, нервдерди, терини тилип кетиши мүмкүн. Мындай учурларда адегенде жаратты тазалап, таза бинт менен таңып, андан кийин щак-шак коюу керек.

**2.Электр тогуна урунганда:**

Тездик менен электр тогун туташтырылган бөлүктөн бөлүү, кургак чүпүрөк менен кармоо керек. Электр тоугунун натыйжасынан пайда болгон күйүктү кургак чүпүрөк менен оройт, ысык чай берип тынч абалга алып келет. Корккондон дем алуусу токтоп калса, жасалма жол менен дем алдырыш керек.

**3.Байламталар чоюлганда же сөөк сынганда жардам көрсөтүү:**

Доо кеткен жерге б. а. байламталар чоюлганда же сөөк сынганда муз же муздак сууга салынган сүргү басу керек. Андан кийин жылбай турган кылып кату зарыл.

**4.Эстен танган учурда көрсөтүлүүчү жардам:**

Эстен танып жабыркаган адамды башын ылдый, бутун өйдө болгондой абалда чалкасынан жаткыруу керек. Таза аба менен дем алуусун көбүрөөк камсыз кылуу зарыл. Ошондой эле жаканы топчусунан бошотуп, курун чечип, нашатырь спиртин кебезге тамчылатып, мурунга тосуп жыттатуу керек. Качан гана өзүнө келгенде, ага чай бериш керек.

**5.Термикалык күйүк:**

Күйүп жаткан адамдын өртөн өчүрүү үчүн жууркан, килем ж. б. нерселерди пайдаланса болот. Кийимдерин кесип чечүү керек. Күйгөн жерлерине мууздак суу куюп, спиртке чыланган салфетка менен компресстъ кререк. Анан жабыркаган адамга ысык чай берүү керек.

**6.Кан акканда 1-жардам:**

1) Капиллярдан кан акканда жаратка иоддун эритмесин сүйкөп, микроптун киришинен коргоп ж-а кандын бат уюшу үчүн таза бинт менен таңуу керек.

2) Веналардан жана артериялардан кан акканда тамырдын доо кеткен жеринин жогору жагынан бармак менен басу керек, анан резина же колдо болгон нерселер менен бууш керек. Буугуч (жгут) салына турган жердин терисине зыян келтирбеш үчүн таза чүпүрөк же бинт коюу керек. Анан чүпүрөк менен бош ороп койот. Чүпүрөк менен колдун ортосуна сынбай турган таякчаны салып, жарааттан кан акпай калганча толгойт. Таякчаны буугучка кыстарып бирге таңуу керек.

**7.Мурундан кан акканда көрсөтүлүүчү 1-жардам**:

Таза аба менен дем алуусун камсыздоо ж-а маёдайына муздак сууга чыланган чүпүрөк коюу керек. Мурундун таноолоруна суутуктин кош оксидине нымдалган кебезди бош салу жана чалкалатуу керек.

**8.Баш мээнин чайкалышында көрсөтүлүүчү 1-жардам:**

Бул учурда башы денесинен ылдый болгудай кылып жаткыруу керек. Башына муздуу чүпүрөктү ороп же сууга чыланган чүпүрөк коюу керек. Жүрөгүнүн согушу же дем алуусу токтоп калса, жүрөктү кыйыр массаж жасоо жана жасалма дем алдыруу керек.